**АРАБАЕВ Ч.И.,**
Кыргыз Республикасынын
УИА мүчө-корреспонденти,
юридика илимдеринин доктору,
Ж.Баласагын атындагы КУУнун
Юридикалык институтунун профессору.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУК ТУТУМУНУН ӨЗ АЛДЫНЧА ТАРМАГЫ КАТАРЫ ЖАРАНДЫК УКУКТУН КООМДОГУ РОЛУ ЖАНА МААНИСИ

Кыргыз мамлекети XXI кылымга эгемендүү, демократиялык, укуктук, лайык, унитардык, социалдык мамлекет катары кирди[1]. Анткени, Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Граждандык кодекси жана башка мыйзамдары, тийешелүү ченемдик укуктук актылары адам укуктарын урматтоого, мыйзам бийлигине, көп партиялуулукка, ошондой эле улуттардын тең укуктуулугуна, социалдык адилеттүүлүк принциптерине негизделген, ал эми социалдык-экономикалык тутуму менчиктин ар кандай түрлөрүн жана алардын тең укукта корголушун кепилдикке алууга, эркин нарктык (рыноктук) экономикага багытталган.

Кыргыз Республикасынын нарктык (рыноктук) экономикалык жана социалдык мамилелерге өтүшү менен дүйнөдөгү өнүккөн демократиялык мамлекеттерде жалпы таанылган жеке укуктун принциптеринин негизинде жарандардын, юридикалык жактардын жана мамлекеттин жарандык укуктук мамилелерин жөнгө салуу үчүн жаңы чөйрөгө жол ачылды.

Мына ушундай жаңы чөйрөнү калыптандырууда жана рыноктук экономиканы өнүктүрүдө жарандык укуктун мааниси менен маңызы жеке укук катары өтө кенен, себеби анын укуктук жөнгө салуу жүйөсү болуп мүлктүк жана мүлктүк эмес жеке мамилелер саналат, ал эми бүгүнкү күндө мүлктүк, же жеке мүлктүк эмес мамиле түзбөгөн жана анын кызматынан пайдаланбаган бир дагы укуктун субъекттери жок деп айтсак туура болот.

Жарандык укук - Кыргыз Республикасынын жалпы укуктук тармагынын бир түрү жана ал өз алдынча жарандык укук илимин, ушундай аталыштагы фундаменталдык окуу сабагын ошондой эле Кыргызстандын жогорку юридикалык окуу жайларында окутулуучу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарын камтыйт.

Жарандык укук окуу курсунун максаты – жарандык укуктун негизги принциптерин жана институттарын иликтөө, жарандык укук мамилелерин укуктук жөнгө салуудагы өзгөчөлүктөрү менен тааныштыруу, рынок мамилелерине өтүү шарттарында Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарынын базасында укуктук талаш тартыш маселелерди чечүү негизги саналат.

Рыноктук мамилелерге өтүү жана коомубуздун социалдык-экономикалык мамилелерин кардиналдуу реформалоо этабында, рынок чарбасында түзүлгөн товардык-акча жана башка мамилелердин негизги жөнгө салуучусу катары жарандык укуктун ролу жана мааниси кескин өсүү менен анын ролу күн санап жогорулоодо.

Адам баласынын күндөлүк турмушунда жарандык укук менен жөнгө салынган мамилелер кыйла кенен жана ал жарандарга, ошондой эле юридикалык жактарга тиешелүү. Маселен,коомдук транспортто ишке баратып, жаран жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча жарандык-укуктук мамилеге туш болот, же сатуу-сатыпалуу келишими боюнча мүлктү сатып алып жатып, ал Кыргыз Республикасынын жарандык жана башка мыйзамдарынын ченемдери менен жөнгө салынган бүтүмгө жана башка укутук

[1]Кыргыз Республикасынын Конституциясы. – Б.: Академия. – 2010.- 1-бет.

мамилелерге, өндүрүлгөн продукцияны сатуу же сатып алуу жагынан келип чыккан юридикалык жактардын ортосундагы мамилелер туш болот. Рынок мамилелеринин шарттарында жарандар жана юридикалык жактар ишкердикти жүзөгө ашыруу аркылуу жарандык укуктун ченемдери менен жөнгө салына турган туруктуу өз ара мамилелерге да кезигет.

Ошентип, бүгүнкү күндө жарандык-укуктун ченемдери менен жөнгө салынган укуктун субъектилеринин ортосундагы бардык мамиилелерди санап өтүү оңой эмес жана ал өтө татаал, анткени алардын чөйрөсү бүгүнкү күндө абдан кеңири жана ошондой эле алар ар түрдүү.

Жарандык-укуктук жөнгө салууга мүнөздүү болгон субъекттердин демилгесинин жана диспозитивдүүлүгүнүн, теңдештигинин жана өзара мүлктүк жоопкерчилигинин башталышы укуктун бул тармагынын социалдык баалуулугун жогорулатат жана калыптанып жаткан укуктук мамлекетте аны колдонуу чөйрөсүн кеңейтүүгө алып келет.

Биз үчүн рыноктук экономика жаңы кубулуш. Ал коомдук мамилелердин кеңири чөйрөсүнүн жүйөсү болуп саналган жарандык укуктун ченемдери менен жөнгө салынган товардык-акча мамилелеринин тутумун алдаканча толук жайылтууну болжолдойт.

Биринчиден, жарандык укук рыноктук-чарбалык маанидеги милдеттерди чечүү менен байланышкан мамилелерди жөнгө салат. Жеке жана ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жактардын ортосундагы экономикалык байланыштар негизинен жарандык-укуктук келишимдердин жана милдеттенмелердин негизинде түзүлөт. Андыктан рыноктук экономика жарандык укуктун ченемдерин алдаканча кеңири колдонууну жана анын ролун күчөтүүнү шарттайт.

Экинчиден, жарандык укук жарандардын материалдык жана руханий керектөөлөрүн канааттандыруу боюнча мамилелерди, ошондой эле интеллектуалдык менчик жана чыгармачылык ишти өнүктүрү менен байланышкан мамилелерди жөнгө салат.

Үчүнчүдөн, жарандык укуктун ченемдери жарандар менчик укугун мурастоо жана башка укуктарын жүзөгө ашырышына байланыштуу алардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу үчүн өтө маанилүү.

Азыркы этапта, укуктук мамлекетти түзү шарттарында Кыргыз Республикасынын укугунун тармагы катары жарандык укукту алдаканча так аныктоо үчүн төмөнкүдөй эки негизги компонентти айкындап алуу зарыл:

биринчиден, жарандык укук кандай мамилелерди жөнгө салат, башкача айтканда, жарандык укукту жөнгө салуунун жүйөсү (предмети) кандай;

экинчиден, аларды ал кандайча укуктук жактан жөнгө салат, башкача айтканда, ал кандай жалпы укуктук ыкмаларды пайдаланат же жарандык укуктун усулу эмнеде.

Жогоруда аталган эки негизги компонентти тактоо иретинде, анын маани манысын толук жана туура түшүнүү үчүн жарандык укуктун негизги булагы болгон байыркы Рим укугуна кайрылууга аргасызбыз. Себеби «жарандык укук» деген термин – биздин заманга чейинки V кылымдын ортосунда (биздин заманга чейинки 449-жыл) байыркы Римде пайда болгон. «Жарандык укук» - juscivile деген латын сөзүнөн келипчыккан, мындай түшүнүк римдик жарандардын гана укугун билдирген. Бул укук бөтөн жердиктерге да, римдеги кулдарга да жайылтылган эмес жана ал римдик жарандардын ортосундагы мамилелерде кана колдонулган[1].

Коомдук мамилелердин өнүгүшү менен Рим укугу олуттуу өзгөрүлөргө жана толуктоолорго дуушар болгон. Бирок Рим укугунун мазмуну коомдук формациялардын, коомдун турмушунун саясий, экономикалык жана социалдык шарттарынын өзгөрүшү менен кээ бир өлчөмдө өзгөргөндүгүнө карабастан, айрым кырдаалдар укуктун бардык тутумдарына анын байымдуулугун аныктайт.

---

[1]Караңыз: *Перетеркий И.С.* Всеобщая история государства и права.-Ч.1. Древний мир.-Вып.2 / Древний Рим.-М.: «Юр.издат», 1945.-С. 110-111.

КМШга белгилүү юрист-окумуштуу, академик С.С.Алексеев белгилегендей, «антикалык замандан тартып азыркы доорго чейинки адамзат цивилизациясынын жана маданияттынын татаал, айрым учурда ойку-кайкы, парадокстуу жана кайгы-касиреттүү, бирок акыр аягында сөзсүз ургаалдуу өнүгүшү, коомдук прогресстин түйүндү звенолорунун бири катары жарандык укукту алдыга койду»[2].

Ар кандай цивилизациялуу өлкөдө менчиктин тигил же бул формалары жана аларга негизделген жарандык укук түздөн түз байланыштуу болгон товардык-акча мамилелери бар. Аларга маселен, менчик укугу, келишимдер (сатыпалуу-сатуу, алмашуу, тартуулоо, деликт, мурастоожанабашкалар) бардык цивилизациялуу өлкөлөрдө белгилүүболгон типтүүжарандык-укуктук форма болуп саналат жана ушуну менен «жарандык укук» термини өзүнүн гана эмес, ошондой эле жарандык укук илиминин көптөгөн фундаменталдуу категорияларынын жолун жолдоочулугу аныкталат.

Жарандык укук-жеке жактар катарында жарандардын ортосундагы мамилелерди аныктаган укуктар жана милдеттер жөнүндө илим болуп саналат, ошондуктан жарандык укукту айрым учурларда цивилизациялуу өлкөлөрдө жеке укук (jusprivatum) деп аташат[3].

Ошентип, бүгүнкү күндө жарандык укукту - дүйнөлүк юридикалык ойдун фундаменталдуу жетишкендиктеринин бири деп толук негизде айтууга акылуубуз жана аны ар дайым белгилеп турууга милдеттүүбүз.

Азыркы жарандык укук илимин биздин эле өлкөдө эмес, дүйнөлүк юридикалык илимде да “жарандык укук” терминининин көп маанилүүлүгүн белгилөө менен бири-бирине байланыштуу болгонуна карабастан, анын ар башка түшүнүктөр менен айкындала тургандыгы айтылат. Атап айтканда, азыркы мезгилде жарандык укук деп эң оболу төмөнкүлөрдү түшүнүүгө болот.

Биринчиден, жарандык укук жөнүндө илим, окуу, башкача айтканда, жарандык-укуктук көрүнүштөр тууралу категориялардын, тыянактардын жана ой жүгүртүүлөрдүн, алар жөнүндөгү билимдердин тутуму;

Экинчиден, укук тармактарынын бири, айрым учурдагы коомдук мамилелерди жөнгө салган укуктук ченемдердин тутуму, башкча айтканда, жарандык укуктун ченемдери катышуучулардын өзалдынчалыгы жана көз карандысыздыгы менен айырмаланган мүлктүк жана айрым мүлктүк эмес мамилелерди жөнгө салат;

Үчүнчүдөн, “жарандык укук” термини менен ошондой эле аталыштагы окуу сабагын, атап айтканда, Кыргыз Республикасынын жарандык укук окуу курсун, башкача айтканда жарандык-укук билимдердин тутумун, жарандык-укуктук көрүнүштөр жөнүндөгү маалыматтар.

“Жарандык укук” деген термин менен аныкталуучу бардык аталган түшүнүктөр бири-бири менен тыгыз байланышкан. Бирок алардын ортосунда кыйла айырмачылыктар да бар, анткени алардын ар биринин өнүгүшү өзүнүн мыйзам ченемдүлүктөрүнө - өлкөнүн коомдук өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүлүктөрүнө баш иет.

Ошентип, биз жарандык укук деген эмне экенин аныктоо менен эми анын жүйөсү же предмети жөнүндө маселени карап көрөлү.

Юридикалык илимде жарандык укуктун жүйөсү деп граждандык укуктук ченемдер менен жөнгө салынуучу коомдук мамилелердин чөйрөсү аталат[4]. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жарандык укук менен жөнгө салынган мамилелерди, жарандык укуктун жүйөсүн түзгөн эки топко (тайпага) бөлүп бекитет. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин (мындан ары: КР ГК) 1-беренесине ылайык мүлктүк жана ага байланыштуу мүлктүк эмес мамилелер жарандык укуктун жүйөсү болуп саналат.

---

[2] *Алексеев С.С.* Гражданское право в современную эпоху. - М.: Юрайд. -1999. - С.3.

[3] Мейер Д.И. Русское гражданское право. 1-бөлүк. – М.: Бек.- 1997. – 31 - бет.

[4] Караңыз: Братусь С.Н. Предмет и система советского гражданского права. – М.: Юридическая литература. -1963. 49бет.
Алексеев С.С. Предмет социалистического гражданского права. – Свердловск.-1959.- 70-бет.

Ошондуктан аны терең талдап түшүнү үчүн мындай мамилелердин ар бирин өз тобу менен бөлүп карап чыгууну тура болот деп чечтик.

Биринчи топту жарандык укуктун жүйөсүнүн негизи болуп саналган мүлктүк мамилелер түзөт. Мүлктүк мамилелер түшүнүгү экономикалык мамилелер түшүнүгү менен дал келбейт, ал экономикалык мамилелердин бир бөлүгү, башкача айтканда, алда канча чакан, тар категория.

Мүлктүк мамилелер - бул ар кандай түрдөгү материалдык жыргалчылыктар, тактап айтканда, буюмдар, иштер, кызмат көрсөтүүлөр жана башка материалдык баалуулуктар жагынан укук субьектилеринин ортосунда келип чыккан коомдук мамилелер.

Мында мүлктүк мамилелер конкреттүү материалдык объект жагынан жана жарандык укуктун айкын субъекттеринин ортосунда жүрөт.

Конкреттүү субъектилердин ортосундагы мамилелерге дайыма эрктүү жагдай мүнөздүү жана бул жагдай мүлктүк мамилелердин маанилүү касиетин түзөт. Эрктүү жагдайдан өзүнөн улам мүлктүк мамилелер укуктук жөнгө салуунун жүйөсү болушу мүмкүн, анткени укуктук мамилелердин катышуучуларынын, укук субъекттилеринин эркине таасир этип, өзүнүн жөнгө салуучу функциясын жүзөгө ашырат. Мүлктүк мамилелер демейдегидей эле коомдук мамилелер катары аныкталат, алар өндүрүү каражаттарына, керектөө буюмдарына жана башка материалдык жыргалчылыктарга ээлик кылуу, аларды пайдалануу жана тескөөдөн келип чыгат. Аларга ар кандай келишимдик мамилелер, менчик мамилелери жана башкалар кирет.

Экинчи тобун жарандык укуктун жүйөсүн түзгөн мүлктүк эмес жеке мамилелер түзөт. Мүлктүк эмес жеке мамилелер эки белгиге ээ.

Биринчиден,мүлк менен байланышкан мүлктүк эмес жеке мамилелер. Бул мамилелер аларга катышкан адамдардын, башкача айтканда, укуктун субъектилерининин сандыгы менен тыгыз байланышкан жана мүлктүк мамилелерден айырмаланып, алардын наркытык баага ээ болбой тургандыгы.

Көп учурда мындай мүлктүк эмес мамилелер интеллектуалдык менчик, чыгармачыл иш объекттери жагынан келип чыгат жана эреже катары, мүлктүк мамилелерге түздөн түз байланыштуу болушу менен мүнөздөлөт. Мисалы, бул илим, адабият жана искусство чыгармаларына, ойлоп табууларга, рационализатордук сунуштарга жана башкаларга автордук укук[5].

Алсак, ойлоп табуучу өзүнүн авторлугун (жеке дөөлөтүн) таанууну жана анын натыйжасында анын ойлоптабуусун пайдалануу үчүн сый акыны (мүлктүк жыргалчылыкты) талап кылууга укуктуу.

Экинчиден, мүлктүк мамилелер менен байланышпаган мүлктүк эмес жеке мамилелер. Бул мамилелер мүлктүк эмес (руханий) дөөлөттөр жагынан келип чыгат, бирок жарандык-укуктук ченемдер менен ар тараптан сакталат. Аларга ар-намысты, абройду жана ишкердик беделин коргоо (КР ГКнын 18-беренеси), өзүнүн сүрөтүнө укук (КР ГКнын 19-беренеси), жеке турмушунун сырын коргоого укук (КР ГКнын 20-беренеси), турак жайга (КР ГКнын 21-беренеси), жарандын ысмына (КР ГКнын 54-беренеси), юридикалык жактын аталышына жана турган жерине (КР ГКнын 89-беренеси) кол тийгистикке болгон укук кирет.

Ошентип, жогоруда айтылган ойду жыйынтыктай турган болсок, азыркы этапта, мамлекеттин алдындагы милдеттерди сапаттуу чечүү максатында билимди жана илимди өнүктүрүү, илимий изилдөөлөрдүн натыйжалуулугун жогорулатуу менен өлкөнүн саясий-укуктук турмушунун багыттарын объективдүү шарттаган талаптар негизги болуп саналат. Илим жана билим коомдук турмуштун компоненттери болуп эсептелинет, алар бардык чөйрөлөрдүн интеллектуалдашуусунун деңгээлин, үчүнчү миң жылдыкка кирген мамлекетте жаңы технологияларды жана гуманитардык идеяларды, укук мамилелеринин принциптерин жана ченемдерин иштеп чыгуу менен колдонуу кудуретин аныктайт.

---

[5]Арабаев Ч.И. Гражданское право Кыргызской Республики. – Учебник. Ч.1. – Б.: Нур-Ас.- 2004. -65-бет.

Муну менен өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнүн динамикасы, калктын турмуш деңгээли, ошондой эле коомдун абалы гана эмес, дүйнөлүк коомдун мүчөсү катары глобалдык өлчөмдө Кыргызстандын мамлекет катары орду аныкталат.

Демек, жогоруда аталган процесстер, мамлекеттин, ошондой эле чөйрөсү жана саны жагынан Кыргызстанда жүргүзүлүп жаткан өзгөрүлөрдүн, реформалардын натыйжасында кыйла кеңейген жеке жарандык укук мамилелеринин катышуучуларынын экономикалык укуктарын коргоо үчүн, өлкөдө болгон укуктук институттарды туура колдонуу менен кылдат иликтөөнү, аңдап-түшүнүү менен аны иш жүзүнө ашыруу үчүн жогорку адистиктеги юристтер керек жана аларды даярдоодо жарандык укуктун мааниси, ушул эле жарандык укуктун маңызы менен аныкталат жана ал рыноктун шарттарында өнүгүп жаткан жана учурдагы юридикалык билимдин борборунда объективдүү турган экономикалык мамилелердин юридикалык формасын билдирет.